**Табигый-так илимдер боюнча усулдук бирикменин 2021-2022-окуу жылындагы ишине анализ.**

Аталган усулдук бирикме түзүлгөн жана бекиттирилген план боюнча өз убагында иш алып барды.Бирикмеде 9 мугалим иштейт.Мында «инновациялык педагогикалык технологияларды колдонуу-билим берүү процессесинин натыйжалуулугун жогорулатуунун зарыл шарты» деген теманын негизинде иш алпардык.

Усулдук бирикменин негизги максаты:

А) балдардын билимин көтөрүү;

Б) сабакты көрсөтмөлүү,кызыктуу,жеткиликтүү өтүү;

В) балдарга чыгармачылык менен иштөөгө багыт берүү;

Ушул максаттын негизинде төмөнкү мугалимдер эмгектенип жатышат.

| № | Ф.И.О | жалпы стаж | пед.стаж | билими | Класс жетекчилиги | Усулдук бирикмедеги мугалимдердин өз билимин өркүндөтүүдөгү темасы |
|---|---|---|---|---|---|---|
| 1 | Сманалиева С.З. | 33 | 30 | жогорку | 7-а | Химия биология сабактарына окуучулардын кызыгуусун арттыруу |
| 2 | Тилемишов А.Т. | 15 | 15 | жогорку | 7-в | Химия сабагындагы көрсөтмөлүүлүктү арттыруу |
| 3 | Довбий Е.С. | 11 | 8 | атайын орто | 9-а | Формирование творческого патенциала уч.через создание товарческих проектов на уроках |
| 4 | Жолоева У.М. | 36 | 36 | жогорку | 9-в,6-б | Предметтик билимди жаңы |

| | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | | | | ыкмалар менен толуктоо |
| 5 | Абдыкеримов Ж. | 30 | 30 | жогорку | | Өз билимин өркүндөтүү үчүн дайыма иш алпаруу |
| 6 | Базаркулова Г.К | 17 | 17 | жогорку | 9-б | Физика сабагынын эффектүүлүгүн жогорулатуу |
| 7 | Маматкадырова Ж.Б | 15 | 15 | жогорку | 8-б | Работа с не стандартными методиками обучения |
| 8 | Мамытова А.А. | 1,8 | 1,8 | жогорку | 6-в | Балдардын билимин көтөрүү |
| 9 | Довбий М.Ю. | 37 | 37 | жогорку | | Активизация позновательной деятельности химии,биологии |
| 10 | Олжочиева С.Т | 12 | 12 | жогорку | | Сабакты көргөзмөлүү өтүү |

Бирикменин планы түзүлгөн,бекиттирилген.Ар бир мугалим өз билимин өркүндөтүү үчүн өздөрүнө проблемаларды коюп,билимдерин жогорулатуу максатында атайын курстардан өтүшүүдө.

Алар: Сманалиева С.З. 2021-ж

Маматкадырова Ж.Б 2021-ж

Мамытова А.А. 2021-ж

Довбий Е.С. 2021-ж

Жолоева У.М. 2021-ж

Ал эми Абдыкеримов Ж,Олжочиева С курстан өтүүсү зарыл.
Предметтик мугалимдердин календардык пландары текшерилип,талкууланып бекитилген.Ар бир мугалимдин ишмердүүлүгү ар башка.Ошондуктан төмөндө предметтик мугалимге токтолуп,айтып кетүүгө туура келет.
Сманалиева С.З.химия,биология мугалими.7-а класска класс жетекчи болуп

келген.Абдан жоопкерчиликтүү,талап кое билген,окуучу менен мугалимдин ортосунда кадыр барктуу.Сабак өтүүдө жаңы ыкмалар,көрсөтмө куралдарды өз орду менен колдоно алат.Декадада 5-а класс менен «Органические вещества» деген темада ачык сабак өттү.Окуучуларга билим берүүдө төмөнкүлөрдү эске алат:

1.Бүгүнкү  күндөгү актуалдуу маселелерди химия,биология сабагы менен байланыштыруу;

2.Окуучулардын өз алдынча ойлоно билүүсүн өркүндөтүү;

3.Сабакка кызыгуусун арттыруу;

4.Тарбиялык жагын жеткире билүү;

Жыл ичинде планга коюлган ачык сабактарын өттү.Начар окуган жана өзгөчөлөнгөн балдар менен иштөө үчүн,пландарды түзүп,анын аткарылышын колго алды.

Тилемишов А.Т стажы 14 жыл.Кыргыз класстарынын химия,биология мугалими жана тарбиялык иштер боюнча директордун орун басары болуп иштеген.Учурда убактылуу иштебейт.Предметин мыкты билген,өз ишине берилип иштеген мугалим.Сабакты бүгүнкү күндүн талабына ылайык инновациялык ыкманын негизинде өтөт.Пландары мамлекеттик стандарттын негизинде түзүлгөн жана талапка жооп берет.Декадада ачык сабак өттү.Сабак жогорку деңгээлде болду.Окуучуга жашаган мамилеси жакшы.Мугалимдердин арасында кадыр-барктуу.Быйылкы окуу жылында химия предмети боюнча мугалимдердин арасында «Химия предметинде маалыматтык-коммуникативдик каражаттарды колдонуу» деген темада райондук семинар өттү.Семинардын катышуучулары өздөрүнүн жогорку бааларын берип,тажрыйбасын райондук деңгээлде жайылтууну сунуш кылышты.

Добвий Е.С.Информатика мугалими,өзү жаш,иш билги,ишине так.Педагогикалык стажы жети жыл болгону менен уюштуруучулуг,мамилеси менен башкалардан айырмаланат.Сабакты көргөзмөлүүлүк менен технологиянын негизинде өтөт.Бүгүнкү күндүн талабына ылайык келүүчү ыкмаларды колдонот.Сабактын формаларынын ар түрдүү жолдорун билет.Соц.педагог.

Добвий М.Ю.Билимканада иштейт.Бизде химия,биология сабагынан берет.Тажрыйбалуу мугалим.23жылдык мугалимдик стаж менен иштейт. «Эл агартуунун мыктысы».Тесттер,практикалык иштер алынат.Бирок

олимпиададан орун ала алган жок.Текшерүү ишине мониторинг жыл эмгек түзүлгөн.

Жолоева У.М.География мугалими.36 жыл эмгек стажы.Негизги кесиби кыргыз тили жана адабият мугалими.16 жылдан бери география сабагынан берет.ошого карабай кызыктуу,жеткиликтүү өтө алат.Ар кандай «Венндин диаграммасы», «Ребус», «Мен ойлонткон суроолор», класстер,синквейн,кроссворд,перфо-карта,атлас,карта,глобус,контур карта менен иштөө күнүмдүк сабагынын негизин түзөт.Дидактикалык материалдар абдан көп жана сапаттуу.2017-жылдын февраль айында атайын билимин өркүндөтүү максатында курстан өтүп келген. «Предметтик билимди жаңы ыкмалар менен толуктап туруу» деген проблема менен иштейт.Бирок олимпиадада алдыңкыи орундарга окуучулар жетише алган жок.Бир канча тесттер алынып,даярдоо иштери жүрсө да,натыйжа чыкпай калганы өкүнүчтүү.Ал эми ОРТ,НЦТ га барышса ортодон жогорку көрсөткүчтү бере алышат.Быйыл март айында райондук мугалимдер арасында семинар өткөздү.Жогорку деңгээлде өткөрүүгө жетишти.Жаш мугалимдердин насаатчы мугалими.Мектепте кандай иш-чаралар өтүлбөсүн активдүү катышат.Класстык сааттарды,сабактарды бүгүнкү күндүн талабына ылайык өтүүгө жетише алат.9-в класска класс жетекчи. Жумалык декадада «Дүйнөлүк океан» деген темада ачык сабак өттү.Сабак мыкты деңгээлде,инновациялык метод менен өтүлдү.Мындан сырткары «Пионерге 100 жыл», «Топурак жесе эмне болот?» деген темада иш чараларды өтүп,РОО го жөнөтүлдү.

Мамытова А.А.Информатика жана география мугалими.Жаңы эле эмгек жолун баштады.Ошого карабай мыкты мугалим экенин көргөзө алды.Метод жумалыгында,айлык иш-чараларда жакшы жактарын көргөзө алды. «Глобус» аттуу ийримди жетектейт.Райондук география сабагынан өткөт олимпиадада Рыскулов Сыймык 10-класстын окуучусу 3-орунду алды.Бул Айгүлдүн эмгек жолундагы ачкыч болду.Ачык сааттарды тажрыйбалуу мугалимдердей өтүүгө жетише алды.6-в класска класс жетекчи.Коомдук иш чараларга активдүү катышат. «Пионерге 100 жыл», «Таза суу-өмүр булагы» аттуу иш-чараларды өтүп,РООго жөнөтүлдү.

Маматкадырова Ж.Б. Математика мугалими.Стажы 15 жыл.Билими күчтүү.Сабак өтүүдө жакшы жактары көп.Бирок билимди өз орду менен пайдалана албайт.Олимпиадада окуучулар жакшы жактарын көргөзө албады.Иштей турган мугалим.Көп изденүүсү,тажрыйбалуу мугалимдердин сабгына катышуусу зарыл.Быйыл «Уч бурчтуктун барабардыгы,анын белгилери» деген темада 7-в класстар менен ачык сабак өттү.

Базаркулова Г.К.Физика мугалими.17 жылдык стажы бар.Кыргыз класстарга сабак берет.9-б класска алгебрадан да сабак өтүп жатат.Мыкты мугалим экенин 7-б класс менен «Механикалык жумуш» деген темада сабак-оюн формасында өткөнүн далилдеди.Гүлжан аталган мектепте 3жыл гана иштеди.Ошого карабай талыкпай эмгектенип келди.Учурда аталган мектепте иштебейт.

Олжочиева С.Математика мугалими.Стажы 12 жыл.Бирок бул мектепке быйыл иштеп баштады.Келгенде эле мыкты мугалим экенин далилдей баштады.Күчтүү мугалим.

Усулдук бирикмеде өкмөттүн 04.05.21.№ 200 токтомуна ылайык бекитилген программалар бекитилип,гос.стандарт пландар менен тааныштык. Бир жылдык ачык сааттар коюлуп,пландар түзүлгөн. Жылдын башында иштеген Базаркулова Г.К,Тилемишов.А.Т,Назармамат кызы Нурзидалар кийин иштебей кетишти. Ал эми Олжочиева С.Т жаңыдан 3 чейректе келди.Мугалимдин алмашуусу окуучуларга да,иштөөгө да таасирин тийгизет.Ошондой болсо да өзгөчөлөнгөн жана начар окуган окуучулар менен иштөө боюнча пландар түзүлүп,расписание менен кошумча сабактар өтүлүп турулду.

Олимпиадага даярдоодо көп алгылыктуу иштер болду.Жакшы упайларды алышты,бирок алдыңкы орунга жеткен жок.Мында география жана биология сабактарынан жакшы.Ал эми химия,физика,математика,информатика сабактарынан окуучулар катышкан жок.Математика сабагынан мугалим жетишпейт.Ошондой болсо да олимпиадага даярдоону азыртан баштоо керек экен.Окуучулар алдын-ала тынымсыз мугалим менен байланышта болуусу зарыл.Билим сапатын көтөрүү үчүн мугалимдин чыгармачылыгы,талыкпаган эмгеги талап кылынат. Ошону менен бирге география,математика,биология,химия сабактары боюнча билим сапаты текшерилди.Дептерлердин уюштурулушу,текшерилиши атайын кеңешмеде каралды.Жетишкен жагы жана кемчилиги белгиленди.

Январь айынын 24.01.2022 ден 28.01.2022 ге чейин усулдук бирикменин жумалыгы өттү.Ачык сааттар жана класстан тышкы иштер өтүлдү.Планга коюлган маселелер толук аткарылды.Бирок математика сабагы талапка ылайык деп айта албайм.Абдыкеримов Ж ачык сабак өтмөк турсун,берилген тапшырмалардан баш тартты.

Ал эми олимпиага даярдоодо сабактан кийин жана ишемби күндөрү да келип балдар менен иштеп жаттык. Февраль айында математика жана география сабактарынын өтүлүшү боюнча маселе коюлуп,жыйынтыгы

кеңешмеде(директор,завучтардын) каралып,өз учурунда анализдер берилди.Мында 40 % тен 60 % ке чейин билим сапатын берди.Математика начар.Себеби мугалим жетишпейт.

Ушуга карабай «Интеллектуал 21 век» аттуу областтык конкурста 9-в класстын окуучусу Бурханов Хуснидин 3-орунга жетишти.Жетекчиси Жолоева У.М. Ошондой болсо да балдар менен иштөөнү унутта калтырган жокпуз.

Март айында химия,биология сабактарынын өтүлүшү жана билим сапаты текшерилди.Мында окуучулардын билим сапаты талапка жооп берерлик экени далилденди.Анткени райондон текшергенде да жакшы көрсөткүч берди.Сманалиева С.З, Тилемишов А.Т, Добвий М.Ю. лардын жоопкерчиликтүү эмгеги десек болот.

Апрель айында мамлекеттик жыйынтыктоочу аттестацияга даярдоо,эрежелери менен таанышып,аткаруу формасы талкууланды.Ошондой эле ОРТ,НЦТ га даярдоо боюнча маселелер каралды.Ата-энелерге түшүндүрүү иштери уюштурулду.Милдеттүү тапшыра турган экзамендеринен башка тандоо экзамени боло турганы талкууланды.Мында окуучулар 9-класс да,11-класс да география сабагын тандашты.Ошондуктан предметтик мугалимдер билеттерди даярдап коюшту.

Ал эми май айында экзаменге даярдыкты күчөтүү,ОРТга даярдык менен баруу деген багыт менен иштедик. Улуу Жеңиштин 77 жылдыгына карата сүрөт көргөзмөсү жана ырлардын конкурсу өткөзүлдү.

Алдыда июнь айында 9-11-класстарда жыйынтыктоочу сынак аттестациясы өтөт.Ал эми усулдук мугалимдери сабакты эффективдүү окутуунун жаңы ыкмаларынын технологияларын колдонууга аракет кылып келишет.Жыйынтыктап айтканда,окуучулардын билим сапатын жогорулатууда көрсөтмөлүүлүктү,көп изденүүчүлүктү талап кылат.

Табигый-так илимдеринин мүчөлөрү төмөндөгүдөй сунуштарды беришти:

- Олимпиадага окуучуларды үзгүлтүксүз даярдоо;
- Сабактарды көрсөтмөлүү өтүү;
- Инновациялык ыкмаларды дайыма колдонуу;
- Тесттерди ар бир сабактын бышыктоо бөлүгүнө киргизүү;
- Чейрек сайынмастер-класс,ар бир мугалимдин чыгармачылык отчетун угуу;
- Практикалык жана лабораториялык жумуштарды көбүрөөк өткөрүү;
- Бош убакыттарда(каникулда) кошумча тапшырмаларды берүү;

Жыйынтыгында табигый-так илимдеринин усулдук бирикмесинин бир жылдык иши канааттандырарлык деп табылды.

2022-2023-окуу жылына аталган бирикме төмөнкүдөй максат менен иштөөнү колго алышты.

1.Балдардын билимин көтөрүү;

2.Сабакты көрсөтмөлүү,кызыктуу,жеткиликтүү өтүү;

3.Балдарга чыгармачылык менен иштөөгө багыт берүү;

2021-2022-окуу жылында усулдук бирикменин негизги талаптары:

- Окууга болгон ткызыгуусун арттыруу;
- Интерактивдүү ыкмаларды көбүрөөк колдонуу;
- ТСО менен иштөө;
- Алдыңкы жана окуу жагынан жетише албаган окуучулар мене дайыма иш алпаруу;
- Окуучулардын кебин өстүрүү үчүн кептин түрлөрү менен көбүрөөк иштөө; (окуп түшүнүү,угуп түшүнүү,грамматика көбүрөөк көңүл буруу)
- Тест иштерин дайыма жүргүзүү;
- Жазуу иштеринин нормаларын туура колдонуу;
- Сабактын темасына байланыштуу таркатмаларды туура колдонуу;

Усулдук бирикменин жетекчиси: Жолоева У.М.